**ММК фондунун 2023 жылдын 1 кварталында жарандар менен жүргүзүлгөн иштери**

Мамлекеттик кепилдиктер программасы, дары-дармек менен камсыз кылуунун кошумча программасы боюнча медициналык жардам алууда алардын укуктары жөнүндө, ММК Полиси жөнүндө, ММК фонду жана анын аймактык башкармалыктары тарабынан үзгүлтүксүз негизде коомчулук менен жолугушуулар уюштурулуп жана өткөрүлүп турат. 2023 жылдын 1 кварталында бардыгы болуп 242 жолугушуу уюштурулду жана өткөрүлдү, анын ичинен калк менен 107 жолугушуу, медициналык кызматкерлер менен 131 жолугушуу, бейөкмөт уюмдар менен жана айылдык ден-соолук комитеттери менен 4 жолугушуу өткөрүлдү. Республикалык жана жергиликтүү телеканалдар боюнча –31 чыгып сүйлөө, радиодо – 11, басма сөздө – 15 жарыялоо болгон.

Фейсбуктан тышкары социалдык тармактарда дагы расмий аккаунттар бар - Instagram (https://www.instagram.com/foms_kg/) жана Telegram каналы (https://web.telegram.org/k/).

1-кварталда жалпысынан 19 пресс-релиз, 23 видео-релиз, 44 жаңылык материалдары даярдалып, социалдык тармактарга жайгаштырылды. ММК фонду менен келишим боюнча иштеген бардык саламаттык сактоо уюмдарынын маалымат такталарында ММК фондунун Шыр байланыш кызматы тууралуу маалыматты чагылдырган плакаттар илинген.